# «Физика. Астрономия»

- Предметтик стандарт
- Программа

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /*
*Не использовать в коммерческих целях.*

# ПРЕДМЕТТИН АКТУАЛДУУЛУГУ

- Физиканы окутуу логикалык жана критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт, кубулуштарды анализдөөгө, гипотеза түзүүгө жана практикалык маселелерди чечүүгө үйрөтөт. Мындан тышкары, физикалык сабаттуулук энергетикалык коопсуздук, экологиялык туруктуулук жана космос мейкиндигин изилдөө сыяктуу глобалдык маселелерди чечүүдө, маңыздуу түрдө түшүнүү жана катышуу үчүн абдан маанилүү.

# Физиканы окутуунун максаты

- окуучуларда дүйнөнүн физикалык сүрөтөлүшүнүн негиздерин калыптандыруу
- кубулуштар жана объектилер жөнүндөгү астрономиялык билимдер системасын изилдөөнүн негизинде илимий дүйнө таанымын калыптандыруу
- окуучулардын илимий ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү, физикалык жана принциптерди түшүнүү, контексттик окутуу, активдүү катышуу жана билимди күнүмдүк турмушта колдонуу аркылуу изилдөө жана практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу

# Физика жана астрономияны окутуунун милдеттери

- ***Билим берүүчүлүк милдеттери:***
- физикалык билимдер системасын өздөштүрүү;
- жаратылыш жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- физикалык кубулуштарды жана закон ченемдүүлүктөрдү теориянын негизинде түшүндүрүү жөндөмүн өнүктүрүү;
- илимий изилдөөдө эксперименттик көндүмдөрдү өнүктүрүү, материянын материалдык жана талаа түрлөрүн изилдөөгө кызыгууну өнүктүрүү

# *Тарбия берүүчүлүк милдеттери*:

- жеке жалпы маданиятты жана жаратылыш закондорун билүү мүмкүнчүлүгүнө ишеним сезимин калыптандыруу, жашоонун коопсуздугун, энергияны үнөмдөө жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча өз ой-пикирин негиздөөсү;
- илимий-техникалык тармактардын (электр энергиясынын жаңылануучу альтернативалык булактары ж.б.) жаңыланып жаткан багыттары жөнүндө билимдерди өнүктүрүү.

# *Өнүктүрүүчүлүк милдеттери*

- - инсандык оң сапаттарды экологиялык стандарттарга жана туруктуу өнүктүрүү концепциясынын алкагында өнүктүрүү;
- - билимин күнүмдүк турмушта жана технологиялык процесстерде колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү
- - көндүмдөрдү калыптандыруу, билимди өз алдынча кеңейтүү, физикалык кубулуштарды байкоо жана аларга түшүндүрмө берүү.

# Предметтик компетенттүүлүктөр

- *Билимдерди өздөштүрүү жана кубулуштарды илимий негиздөө жөндөмдүүлүгү:*
- *Илимий маалыматты колдонуу жана чечмелөө жөндөмдүүлүгү*
- *Илимий далилдердин жана эксперименталдык изилдөө маалыматтарынын жыйынтыгынын негизинде чечим кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.*

# Предметтин мазмундук өзөктөрү

- 1. Илимий таанып-билүүнүн методдору.
- 2. Материя, кыймыл жана өз ара аракеттешүү.
- 3. Энергияны өндүрүү жана колдонуу.
- 4. Илимий билимди  күнүмдүк жашоодо колдонуу.

# Предметтик стандартын негизги бөлүмдөрү

- Күтүлүүчү натыйжалар
- Предметти окутуунун усулдары
- Баалоо

# «Физика. Астрономия» предметине Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүсүнүн базистик окуу планында сааттардын төмөнкүдөй көлөмү бөлүнгөн:

- 7-класста жумасына 2 саат, бир жылда 34 x 2 = 68 саат;
- 8-класста жумасына 2 саат, бир жылда 34 x 2 = 68 саат;
- 9-класста   жумасына 2 саат, бир жылда 34 x 2 = 68 саат.

# 7-класста тематикалык бөлүмдөр.

Киришүү (2 саат)

- I. ФИЗИКАНЫ ИЗИЛДӨӨ МЕТОДДОРУ (14 саат)
- II. МАТЕРИЯ, КЫЙМЫЛ ЖАНА ӨЗ АРА АРАКЕТТЕШҮҮ (18 саат)
- 2.1. МАТЕРИЯ (2 саат)
- 2.2. КИНЕМАТИКАНЫН НЕГИЗДЕРИ (4саат)
- 2.3. ДИНАМИКАНЫН НЕГИЗДЕРИ (12с.)
- III. ЭНЕРГИЯ (24 саат)
- 3.1 МЕХАНИКАЛЫК ЭНЕРГИЯ (12саат)
- 3.2 ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫ (12 саат)
- IV. АСТРОНОМИЯЛЫК КУБУЛУШТАР (10 саат)

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт / Не использовать в коммерческих целях.*